**Баялиева Айсулу Суютбековнанын**

**«Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.01.-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык изилдөөсүнө карата**

# ПИКИР

Изилдөө киришүүдөн, үч баптан, 9 параграфтан, корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (182 аталыш) жана 2 тиркемеден турат, иштин көлөмү 188 бетти түзөт жана 2 тиркеме (11 бет) бар.

*Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.*

Диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Коомдук-экономикалык формация алмашып, илим-техника, түрдүү технологиялар абдан тездик менен өнүгүп жаткан ааламдашуу мезгилинде адамдын руханий-адеп-ахлактык дүйнөсүнө көңүл буруу, ал үчүн элдик демократиялуулук салттарды, баалуулуктарды колдонуу жана аны келечек муундарды окутуп-тарбиялай турган болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо пайдалануу учурда Кыргызстанда артыкчылык багыттардын бири болуп саналат.

*Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделүү даражасы.*

Диссертациялык изилдөөдө темага тиешелүү абдан көп материал, адабият кеңири талдоого алынып, болочок мугалимдерди элдик демократиялуулук салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери аныкталып, окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодогу кыргыз элинин салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү ачып көрсөтүлүп, болочок мугалимдердин демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгы аныкталып, аны өркүндөтүүнүн модели жана педагогикалык шарттары иштелип чыккан. Алардын натыйжалуулугу

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 67 "5" 04 2011

эксперимент аркылуу текшерилип, аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттердин көрсөткүчтөрү салыштыруу менен берилип, ынанымдуу тастыкталган.

Алсак, болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн (мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык компоненттер) деңгээли боюнча эксперименталдык топто калыптандыруучу экспериментке чейин даярдыгы жогорку деңгээлдеги болочок мугалимдер жок болсо, калыптандыруучу эксперименттен кийин бул көрсөткүч 31 %га чейин көтөрүлгөн. Ошондой эле эксперименталдык топто даярдыгынын калыптануу деңгээли төмөн болгон болочок мугалимдердин саны 66,4 %дан 11,8 %га чейин кескин төмөндөгөн. Натыйжада изилдөөдөгү жоболор, жыйынтыктар далилдүү тастыкталган.

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жарыяланган эмгектер толук жетиштүү.

*Диссертациянын илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү.*

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү жетиштүү негизделген. Темага тиешелүү ченемдук укуктук документтер, илимий булактар талдоого алынып, болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери кыргыз элинин руханий-дөөлөттүк артыкчылыктарын чагылдырган элдик демократиялуулук салттар аркылуу аныкталган, болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоонун мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык компоненттери такталган, алардын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыккан. Ошондой эле болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоону өркүндөтүүнүн модели жана педагогикалык шарттары иштелип чыгып, алардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу практикалык жактан текшерилип тастыкталган.

Изилдөөдөгү болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери, алардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык

компоненттери, болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоону өркүндөтүүнүн модели, педагогикалык шарттары жана бул багытта иштелип чыккан сабактардын үлгүлөрү, “Кыргыз элинин салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу атайын курстун материалдары келечекте мугалимдердин ишин пландаштырууга, алардын кесипкөйлүгүн көтөрүүгө, практикалык жактан окуу процессинин натыйжасын жогорулатууга жакшы жардам бермекчи.

*Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.*

Изилдөөдө анын илимий жана практикалык жетишкендиктерине таянуу менен, төмөнкүдөй практикалык сунуштар берилет: социалдык-гуманитардык жана психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын жумушчу программаларын долбоорлоодо жана болочок мугалимдердин илим-билимдерин өлчөп-баалоодо алардын окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде элдик салттар менен кесиптик компетенцияларын кылдат эске алуу; “Кыргыз элинин салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу атайын курсту ЖОЖдо бардык педагогикалык адистиктерге кошумча тандалма курс катары сунуш кылуу; болочок мугалимдердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде элдик салттарды колдонуу компетенттүүлүгүн калыптандырууну мектеп жана коомчулук менен тыгыз байланышта ишке ашыруу.

Бул сунуштарды практикада ишке ашырууга толук негиз бар.

*Автореферттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.*

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна туура келет.

*Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта кетирилген кемчиликтер.*

Диссертациялык изилдөөдө жана авторефератта төмөнкүдөй кемчиликтерге жол берилген:

1. Диссертациялык изилдөөдө темага тиешелүү ченемдик-укуктук материалдар кеңири талдоого алынган. Бирок, “Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга чейин окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо” концепциясынын аталышы так болбой, шилтеме КББАга берилген. Бул концепция Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 12-апрелиндеги 441/1 буйругу менен бекиген. Ошондой эле темага түздөн-түз тиешелүү “Кыргыз жараны – Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарда жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясы” (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 жарлыгы) тууралуу диссертациялык изилдөөдө айтылбай калган.
2. Изилдөөдөгү компетенциялар, компоненттер, алардын көрсөткүчтөрү, деңгээлдик критерийлер баяндалган жерде (59-70-б.) алар толугу менен изилдөөчү тарабынан иштелип чыккандыгы же башка эмгектерден айкалыштырылып колдонулганы так көрсөтүлбөгөн.
3. Экинчи баптын биринчи параграфы “Болочок мугалимдердин демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгын изилдөөнүн методологиясы жана методдору” деп аталат, бирок параграфта методология жакшы ачылбай калган.
4. Изилдөө ишин түзүмдөштүрүүдө айрым кемчиликтерге жол берилет. Мисалы, метод тууралуу 3-баптын 3.3. параграфында (133-б.), изилдөөнүн объектиси, предмети тууралуу 2-бапта (73-б.) сөз болот. Бирок ал жерге алар анчалык деле коошпой турат.
5. Диссертациянын текстинде айрым грамматикалык жана стилистикалык каталар орун алган, алар текстте белгиленип көрсөтүлдү.

Албетте, бул кемчиликтер изилдөөнүн илимий да, практикалык да баалуулугун, анда жетишилген натыйжалардын маанисин кескин

төмөндөтпөйт жана изилдөөчүдө айтылган пикирлерди эске алып, бул багытта ишти мындан ары ырааттуу улантуу мүмкүнчүлүгү толугу менен бар.

Жыйынтык бүтүм:

Баялиева Айсулу Суютбековнанын «Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.01.-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган изилдөөсү диссертациялык изилдөөнүн талаптарына жооп берет жана изилдөөчүгө педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууну сунуш кылууга болот.

КР Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы
Республикалык педагогикалык кызматкерлердин
квалификациясын жогорулатуу жана
кайра даярдоо институтунун директору,
п.и.к., доцент Токтомаметов А.Д.